Колдонулган адабияттар

1. Айбашова Т. М. Обучение применению категории наклонения, лица и времени глагола в официально-деловом стиле // Эпоха науки. – 2022. – № 29. – С. 176–182.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 3-китеп. – Бишкек: Педагогика, 2001.
3. Аширбаев Т. Тилдик каражаттардын стилистикалык табияты. – Бишкек: Педагогика, 2000. – 126 б.
4. Дженни С., Керт М., Чарльз Т. Сынчыл ойлоону өстүрүү үчүн окуу жана жазуу: колдонмолор. – Бишкек, 1998. – № 1–8.
5. Инсанга багыттап окутууда окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу / түзүүчүлөр А. М. Аликова, Ж. Д. Асекова. – Бишкек, 2012. – 200 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Тахирова Н.И.

УДК: 37: 372. 881.1: 373.1: 811.512.514
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-61-66

Айбашова Т.М.
Ош мамлекеттик университети
Айбашова Т.М.
Ошский государственный университет
Aibashova T.M.
Osh State University

ЖАҢЫЧЫЛ ПЕДАГОГДУН БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ САЛЫМЫ
ВКЛАД ПЕДАГОГА-НОВАТОРА В РАЗВИТИЕ ОБРАЗОВАНИЯ
THE CONTRIBUTION OF AN INNOVATIVE TEACHER TO EDUCATION

Кыскача мүнөздөмө: Макала илимпоз, профессор Ж. А. Чымановдун 70 жылдык юбилейине арналган. Анда окумуштуунун инсандык бейнесине кайрылуу менен анын кыргыз тилин эне тили жана экинчи тил катары окутуунун технологияларын өркүндөтүүгө кошкон салымы, улуттук программа, предметтик стандарт, окуу программалары жана окутууга байланыштуу нормативдик документтерди иштеп чыгуудагы илимий ишмердүүлүгү, ошондой эле мамлекеттик тилдин келечегине кошкон салымы тууралуу сөз болот. Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүүнүн улуттук программасын, кыргыз тилин окутуунун концепцияларын жана окуу программаларын түзүүдөгү эмгеги, «Кыргыз тили» энциклопедиялык окуу куралынын авторлор курамындагы орду, «Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюлган талаптардын» эксперт-рецензенти катары ишмердүүлүгү, мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүүдөгү жаңычылдыгы, тапкычтыгы жана талыкпаган эмгеги заманбап усулдарды өнүктүрүүнүн өзөгү катары көрсөтүлөт. Ошондой эле окумуштуунун тилди окутуунун методикасына жана окутуунун этнопедагогикалык негиздерине арналган эмгектерине талдоо жүргүзүлөт.

Аннотация: Статья посвящена 70-летнему юбилею ученого, профессора Ж. А. Чыманова. В ней через обращение к личностному облику ученого рассматривается его вклад в совершенствование технологий преподавания кыргызского языка как родного и второго языка, научная деятельность по разработке национальной программы, предметного стандарта, учебных программ и нормативных документов в сфере обучения, а также его вклад в будущее государственного языка. Показано значение его трудов в разработке Национальной программы развития кыргызского языка как государственного языка, концепций преподавания кыргызского языка и учебных программ, его участие в авторском коллективе энциклопедического учебного пособия «Кыргызский язык», деятельность в качестве эксперта-рецензента «Требований к уровню владения кыргызским языком». Особое внимание

уделяется его новаторству, находчивости и неустанному труду в методической работе, а также оказанию практической помощи учителям как важной основе развития современных методов обучения. Проанализированы труды ученого, посвященные методике преподавания языка и этнопедагогическим основам обучения.

Abstract: The article is dedicated to the 70th anniversary of scholar and professor Zh. A. Chymanov. It examines the scholar's personal and professional profile and discusses his contribution to improving the technologies of teaching Kyrgyz as a native and second language, his scientific work on developing the national program, subject standards, curricula, and regulatory documents related to education, as well as his contribution to the future of the state language. The article highlights the significance of his work in developing the National Program for the Development of Kyrgyz as the State Language, concepts for teaching Kyrgyz, and curricula; his participation as a member of the authoring team of the encyclopedic textbook Kyrgyz Language; and his activity as an expert reviewer of the Requirements for the Level of Proficiency in the Kyrgyz Language. Special attention is paid to his innovation, resourcefulness, and tireless methodological work, as well as to his practical support for teachers as an important foundation for the development of modern teaching methods. The scholar's works on language teaching methodology and the ethnopedagogical foundations of education are analyzed.

Негизги сөздөр: окутуу методикасы; коммуникативдүүлүк; эксперт-рецензент; баалуулуктар; теория; сапат.

Ключевые слова: методика преподавания; коммуникативность; эксперт-рецензент; ценности; теория; качество.

Keywords: teaching methodology; communicativeness; expert reviewer; values; theory; quality.

Педагогика илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын профессору Чыманов Жеңишбек Арыпович жарым кылымга жакын илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндө агартуу тармагына бараандуу эмгек сиңирип, студенттерге эне тилинин касиет-баалуулуктары аркылуу татыктуу билим, таасирдүү тарбия берип, өлкөдөгү билим берүүнү реформалоо маселелеринен четте калбай, алгылыктуу ийгиликтерди жаратып келген чыныгы педагог. Бул багытта 200дөн ашуун илимий-публицистикалык макалаларын жарыялап, билим берүү процессиндеги көйгөйлүү маселелерди чыгармачылык менен чечүүгө салым кошуп келет.

Көөдөнү кең, адамгерчилиги бийик, жан дүйнөсү таза, жүрөгү мекеним деп соккон инсандын койгон максаты, аткарган иши, умтулуусу жана багыты өзүнчө бир өзгөчө аалам. Анткени агай абасы таза аймакта, суунун тунугун ичип, улуттук жана адамзаттык баалуулуктардын нукура үлгүсү калыптанган, кептин шireси уюган Жети Акелер жеринде өсүптүр. Көөдөнүнө ааламды батырган агартуу ааламынын алпы Жеңишбек Арыпович — көрөгөч педагог, эне тилинин күйөрманы, улуттун мекенчил уулу. Акырын айтып акылын жугузган, табиятынан таза, ак ниет өмүр сүргөн, жөнөкөй, акты ак, караны кара деп учурунда кесе айткан адилет инсан. Бир ордунда жарым кылымга жакын эмгектенип, нечендеген илимдин талапкерлерин, шакирттерди таптап, илимден үрөн өндүрүп, учам дегенге канат, угам дегенге санат болуп, илимде далай ийгиликтерди багындырып келди.

Жеңишбек Арыпович көл өрөөнүнүн Жети-Өгүз айылында кой жылы, 1955-жылы жарык дүйнөгө келип, айылдык мектептен окуусун бүтүрүп, аскердик милдетин өтөп келген соң, 1976-жылы мурдагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетине тапшырып, окуусун 1981-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы өзү билим алган аталган университеттин кыргыз филологиясы факультетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасында эмгек жолун лаборант болуп баштап, окутуучу, улук окутуучу кызматтарынан профессорлук даражага чейин жетип, бир жерде үзүрлүү эмгектенип келет.

Ушул аралыкта коом өзгөрүп, мамлекеттин жана элдин тарыхында чоң бурулуштар болду. Өз алдынча мамлекеттин түптөлүшүндөгү кыйынчылыктар да жеңил болгон жок. Ошол мезгилдеги, деги эле илим чөйрөсүндөгү кырдаалдардын мүшкүлүнө чыдап, жумуштагы, илимдеги, устатчылыктагы далай түйшүктү туруктуу эркы менен жеңип, өмүрдүн өрүнө таянып, артынан из калтырып, бир жерде кадыр-барк таап, илимий мектеп кура алган, билим берүүдө оң багытта эмгектенип келе жаткан устатыбызды мекенчил инсан десек туура болот.

Жеңишбек Арыпович тынымсыз изденүүчүлүгү менен эгемен мамлекеттеги материалдык жана моралдык каатчылыкка карабай, 1996-жылы кандидаттык диссертациясын коргоп, 2003-жылы «Педагогика» адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамын алган. Илимдин кызыгына батып, максатына умтулган илимпоз 2010-жылы «Орто мектепте кыргыз тилин окутуунун лингводидактикалык негиздери» деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргойт. 2017-жылы ага профессор окумуштуулук наамы ыйгарылган. Ошондон тартып атакка арбалып, наамга көтөрүлүп ашып кетпей, илимден алыстабай, адамгерчилик сапатын өзгөртпөй, бир калыптагы мүнөзүн сактап, илимпоз болом деп келген шакирттерин мээримдүү кабыл алып, насаатын айтып, изденүүгө жол көрсөтүп, үлгү жана жөлөк болуп келе жатат.

Профессор Жеңишбек Арыповичтин эмгеги мамлекет тарабынан бааланып, 2001-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги наамы, 2014-жылы Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Ардак грамотасы ыйгарылган. 2015-жылы «Кыргыз тили» төш белгисинин ээси болгон. Ошондой эле 2011, 2013, 2016-жылдары Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эмгек сиңирген изилдөөчүсү, ардагери, 2015-жылы эмгек сиңирген кызматкери сыйлык-наамдарына татыктуу болгон.

Жашоодо жөнөкөй, жоопкерчиликтүү, иште принципиалдуу, талапчыл, коомдо маданияттуу, чынчыл, илимде кыраакы илимпоз шакирттерине, студенттерине жана жамаатына өрнөк болуп келет. Педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү илимий ийгиликтери — талыкпаган эмгегинин акыбети. Улуу-кичүүгө жасаган сыйы, түз жана таза мамилеси, айкөлдүгү окумуштуунун сөөлөтүн арттырып, жамааттагы аброюн бийиктетип келет.

Жамаатынын колдоосу менен 2000-жылы өзү иштеген филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасына жетекчи болуп шайланып, 2005-жылы экинчи мөөнөткө кайрадан шайланат. Агайдын илимдеги түйшүгү артып, 2008-жылы өз каалоосу менен кафедра жетекчилигин тапшырат. Ошондон тартып кыргыз тилин окутуунун көйгөйлөрү, улуттук баалуулуктарды жана руханий байлыкты тилди окутуу аркылуу жеткирүү, тарбиялоо, тилди коммуникативдүүлүккө багыттап окутуу, балага жеткиликтүү билим берүүнүн методологиясын изилдөө жана жайылтуу багыттарын табуу менен алектенип келет.

1998-жылдан баштап кафедранын негизги предметтеринин бири болгон «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» боюнча лекцияларды окуп, практикалык жана лабораториялык сабактарды сапаттуу жүргүзүп келет. Анын лекциялары стандарттуу лекциялардан кескин айырмаланып, полемикалуу мүнөзү, жандуулугу, талаш-тартыш жарата алган өзгөчөлүгү менен студенттердин жеке пикирин, жеке тыянагын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Мындай сабактар студенттин өзүнө болгон ишенимин арттырып, жеке өнүгүшүнө жол ачат. Агайдын лекциялык жана практикалык сабактары теориялык билим берүүгө гана багытталбастан, эң негизгиси, студенттин билимге болгон кызыгуусун арттырып, ынтызарлыгын активдештирүүгө багытталган. Анын сабактары теориялык жугумдуулугу жана практикалык турмушка жакындыгы менен өзгөчөлөнөт.

«Отту ичкертип турбаса өчүп калат» эмеспи. Коомдун өнүгүшү, жашоонун агымы менен илимге, окутууга улам жаңылануу жана өзгөрүү киргизилип турбаса, илим актуалдуулугун жоготорун байкаган агай коом менен бирге чабыт жасап, алдыңкыны көрө билген, учур талабынан алдыраак жүрүүнү адатка айланткан жаңычыл педагог катары жаңы, эки баскычтуу билим берүү системасына — бакалаврларды жана магистрлерди даярдоого багытталган жаңы программаларды иштеп чыккан. Атап айтканда, бакалавриат боюнча «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» жалпы курсун, «Кыргыз тилин компетенттүүлүккө негиздеп окутуу», «Стилистиканы окутуунун методикасы» атайын курстарын окуу

планына киргизген. Бул курстар окуу жайда ушул мезгилге чейин окутулуп келет. Магистратура боюнча «Илимий-педагогикалык методология», «Кыргыз тилин этнопедагогикалык негизде окутуу» курстарын киргизген. Бул эмгектердин жана программалардын өзөгүндө тил, улуттук мурас, баалуулуктар, этнопедагогиканын билим жана тарбия берүүдөгү мааниси, элдин келечеги үчүн баа жеткис улуу мурастарды сактоо жана урпактарга калтыруу аракеттери жатат.

Акырын басып, адамдын ички дүйнөсүн аңдай билип, абалын туюп, оюн таап, көңүлүн аяп, сөзүнө азыраак кыйытма кошуп, кыябына келтире аз, бирок саз сүйлөгөнү агайды ого бетер сөөлөттүү көрсөтөт. Чын дили менен шык берип, жылуу мамиле кылуусу анын адамдык артыкча сапаттарынын бири катары белгилөөгө арзыйт.

Түйшүктүү эмгеги менен бир нече илимпоздордун башын бириктирип, илимий мектеп түптөп, шакирттеринин ишмердүүлүгүн бир багытка буруп, алардын иш-аракеттерин координациялап келет. Жаш адистердин жана окумуштуулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн ачууга жардам берип, багыт көрсөтүп, жолун түзөйт. Илимий-изилдөө ишиндеги уланмалуулукту сактап, муундан муунга өтүү аракеттерин камсыз кылат. Мунун баары илимий мектепти негиздөөчүнүн инсандык нарк-насилине, ар-намысына, окумуштуулук принцибине, илимге болгон мамилесине жана тынымсыз аракетине байланыштуу экени белгилүү.

Ж. А. Чыманов кыргыз тилин эне тили жана экинчи тил катары окутуунун технологияларын өркүндөтүүгө салым кошуп, улуттук программа, предметтик стандарт, окуу программалары жана окутууга байланыштуу башка нормативдик документтерди иштеп чыгууга активдүү катышкан. Ал кыргыз тилин эне тили, экинчи тил жана чет тили катары окутуунун теориясы жана практикасы боюнча, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүүнүн Улуттук программасын, кыргыз тилин окутуунун концепцияларын жана окуу программаларын түзүүдө эмгек сиңирген окумуштуу. Ошондой эле «Кыргыз тили» энциклопедиялык окуу куралынын авторлор курамына кирген, «Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюлган талаптардын» эксперт-рецензенти болгон. Лекция окуу, семинар-тренингдерди өткөрүү аркылуу эне тилин окутуу боюнча алгылыктуу эмгектерди жараткан окумуштуу жана республиканын бардык аймактарында лекция, конок лекция окуп, мугалимдерге усулдук жардамын аябаган тажрыйбалуу методист катары таанылган.

Илимий жетекчилиги менен кыргыз филологиясы факультетинде «Кыргыз тилин окутуунун методикасы», «ЖОЖдордо окутуунун теориясы», «Кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери» аттуу негизги методикалык курстар боюнча лекцияларды окуп, практикалык сабактарды жогорку деңгээлде өткөрүү менен студенттердин аң-сезимин ойготуп, билим деңгээлин жогорулатууга зор салым кошуп, алардын терең урмат-сыйына ээ болгон устат катары таанылган.

Кыргыз тили жана адабияты боюнча мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадаларынын калыстар тобунун төрагасынын орун басары (2000–2008), докторлук жана кандидаттык диссертациялык кеңештин мүчөсү (2011-жылдан азыркы күнгө чейин), «Кыргызтесттин» эксперти, Кыргыз билим берүү академиясынын методикалык кеңешинин мүчөсү, Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинин «Кыргыз тили» окуу китептерин иштеп чыгуу боюнча эксперти, ИСИТОнун илимий консультанттар кеңешинин мүчөсү, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар кеңешинин мүчөсү болуп эмгектенген. Азыркы учурда филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын профессору катары үзүрлүү ишмердүүлүгүн улантууда.

Кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутуу — эне тилди, элдик дөөлөттөрдү жана улуттук баалуулуктарды сактоо аркылуу улуттук иденттүүлүктү камсыздоонун негизги багыттарынын бири. Ошондуктан бул маселе мамлекеттин келечеги менен түздөн-түз байланыштуу. Көп жылдар бою тилди окутуу грамматикалык билимдерге басым жасоо менен жүргүзүлүп, байланыштуу кепке жана коммуникацияга жетиштүү көңүл бурулбай келгендиктен, кептик карым-катышта бир катар өксүктөр байкала баштаган [5].

Учурда кыргыз тилин заман талабына ылайык окутуу тилдин маданий жана тарыхый баалуулуктарын коммуникативдик багытта үйрөтүүнүн негизги маселесине айланды. Бул көйгөйгө

окумуштуу Ж. А. Чыманов бир нече жыл мурда эле кайрылып, илимий изилдөөлөрүнүн натыйжасында 1997-жылы жарык көргөн «Байланыштуу кепти окутуунун негиздери» аттуу эмгегинде кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутууга байланышкан олуттуу илимий көз караштарын билдирген. Анда окуучуларды сүйлөөгө көнүктүрүү менен катар алардын байланыштуу кебин, ой жүгүртүүсүн жана сүйлөө маданиятын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын белгилеген [1].

Бул эмгекте илимий-педагогикалык көйгөй катары 5-класста байланыштуу кепти окутуу маселеси каралып, ага байланыштуу теориялык жана практикалык маселелер негиздүү талдоого алынган. Алсак, окумуштуу: «Методика илими байланыштуу кепти: сүйлөө, жазуу процесси, ал процесстин жыйынтыгы жана ушул негизги эки маселени окутуп-үйрөтүүчү кеп өстүрүүнүн ажырагыс бөлүгү катары эсептейт. Эгерде сүйлөө, айтуу же жазуу процесси болбосо, анын жыйынтыгы да болбойт. Ал эми сүйлөө, жазуу үчүн өбөлгө же зарылдык түзүлүшү керек. Анын корутундусу жыйынтыкта билинет. Кыскасы, жыйынтыкташ үчүн сүйлөш керек, сүйлөш үчүн белгилүү бир жыйынтыкты чыгаруу максаты болууга тийиш» [2], — деп белгилеп, байланыштуу кепти өнүктүрүүнүн концептуалдык негиздерин сунуштаган.

Бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелердин бири — кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутуу. Бул багыт окуучулардын ой жүгүртүүсүн, кебин өстүрүүдөгү угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн калыптандырууга багытталат. Башкача айтканда, тилдин грамматикасын курулай жаттатуу эмес, коммуникативдик багытта иш алып баруу аркылуу окуучуларды функционалдык сабаттуулукка тарбиялоо окутуудагы негизги талаптардын бири катары каралууда. Мындай талапка ылайык, окуучуларга байланыштуу кепти үйрөтүү үчүн мугалимдердин бул багыт боюнча билими, түшүнүк-туюму жетиштүү деңгээлде болушу жана изденүүчүлүк аракеттери туруктуу жүргүзүлүшү зарыл экендиги белгиленет.

Байланыштуу кепти мектептерде окутууда мугалимдердин лингвометодикалык түшүнүк-маалыматын жана билимин арттыруу максатында төмөнкүдөй методикалык ой-сунуштар берилген:

1. жаратылыштын кооздугун сүрөттөө;
2. досуна, жакындарына кат жазуу;
3. өзү күбө болгон окуяларынан аңгеме жазуу;
4. окуган чыгармасына, андагы каармандардын иш-аракеттерине жана мүнөзүнө өз алдынча баа берүү.

Чындыгында, мындай машыгуулар окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүгө өбөлгө түзүп, ишмердүүлүгүн арттырат [4]. Ошондой эле окуучулардын сүйлөө, өз алдынча ойлонуу жана оюн кагазга түшүрүп жаза билүү көндүмдөрүн калыптандырууга басым жасоо зарылдыгы белгиленет. Иликтөөгө алынган «Байланыштуу кепти окутуунун негиздери» эмгегинде кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутуунун илимий-теориялык жана илимий-практикалык негиздери түзүлүп, урунттуу маселелер көтөрүлгөн жана кеп ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн практикалык жагына өзгөчө көңүл бурулган.

Бул жагынан алганда, Ж. А. Чымановдун эмгектерин кыргыз тилин окутуу методикасы илиминин негиз салуучусу Сатыбалды Нааматовдун сабатсыздыкты жоюунун жөнөкөй, ыкчам жолдорун издеген, мугалимдерге окутуунун жолдорун жана ыкмаларын түшүндүргөн эмгектери менен салыштырууга болот. С. Нааматовдун «бүтүн сөз» методунун негизинде түзүлгөн алиппе жана окуу китептери сапаттуу чыгып, сабатсыздыкты жоюуда бир топ кызмат өтөгөнү [3] сыяктуу, Ж. Чымановдун окутуу методикасы да балдардын тил үйрөнүүсүндө, кеп ишмердүүлүгүнүн ылдам калыптануусунда оң натыйжаларын берип келет.

Айрыкча технология өнүккөн доордо кеп маданияты жана коммуникациянын сапаттуулугу актуалдуу маселеге айланарын көрөгөч методист-окумуштуу алдын ала сезген десек болот. Билим берүүдөгү олуттуу маселелерди алдын ала баамдап, жаңы багытты таба билген илимпоздун жаңычылдык кадамдарын кыргыз тилин окутуу методикасына кошкон олуттуу салым катары баалоого болот.

Колдонулган адабияттар

1. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015.
2. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарды аткаруунун багыттары // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2019. – № 3–4. – Б. 50–53.
3. Кадыров Ы. Эмгегин элге жеткирээр кез келди // Кыргыз Туусу. – 1992. – 18-январь.
4. Мамбетакунов Э. Педагогикалык изилдөөнүн методологиясы жана технологиясы. – Бишкек, 2021.
5. Профессор Ж. Чыманов жана кыргыз тилин окутуу маселелери [Электрондук ресурс]. – URL: https://kutbilim.kg/analytics/inner/professor-zh-chymanov-zhana-kyrgyz-tilin-okutuu-maseleleri/ (кайрылган күнү: 20.09.2026).

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Джаманкулова А.

УДК: 811.512.154(07)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-66-72

Аскар кызы Ж., Анапияева А.А., Муканова Н.Ш.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети,
Аскар кызы Ж.,[1] Анапияева А.А.,[2] Муканова Н.Ш.[2]
КНУ имени Жусупа Баласагына,[1]
Иссык-Кульский государственный университет имени К.Тыныстанова[2]
Askar kyzy Zh., Anapiyeva A.A., Mukanova N.Sh.
KNU Jusup Balasagyn,
Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov

ORCID 0009-0006-5245-572X
ORCID 0009 0007 8379 0405
ORCID 0009-0002-9489-6225

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ФУНКЦИОНАЛДЫК СТИЛДЕР ТУУРАЛУУ
О ФУНКЦИОНАЛЬНЫХ СТИЛЯХ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ
ON FUNCTIONAL STYLES IN THE KYRGYZ LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Лингвостилистиканын негизги маселелерине структуралык стилистика, функционалдык стилистика, коннотациялар жана алардын табияты, коннотациялык тилдик бирдиктердин көркөм тексттердеги кызматын аныктоо, алар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле бул илимий тармактын табиятын жана өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү кирет. Булар кыргыз тил илими үчүн өтө актуалдуу маселелер. Көркөм тексттердеги тилдик каражаттар аркылуу туюнтулган подтексттик маанидеги жалпы менен жекеликти, жалпылыкты жана жекеликти тааануу маселеси кыргыз тил илиминде али жетиштүү изилдене элек. Демек, бул багытта илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү азыркы кыргыз тил илиминде объективдүү зарылчылык болуп саналат. Ушундай жагдайларды эске алуу менен, бул макала функционалдык стилистика боюнча жалпы материалдардын негизинде даярдалды. Бир нече окумуштуунун пикирлерин салыштыруунун негизинде функционалдык стилистика коомдо калыптанган коммуникация чөйрөлөрүндө ой-пикирди жана маалыматты билдирүү шарттарын, коом тарабынан коммуникацияга коюлган талаптарды, ошондой эле бул коммуникация чөйрөсүндөгү тилдик каражаттардын колдонулуш мыйзамдарын жана нормаларын изилдей турган илим экендиги тастыкталды.